Педагогикалык кеңешме
Токтом №1
25.08.2022-жыл

Бекитемин
Мектеп директору
И.К.Парпиев

**№35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби**
**Үй тапшырмасынын берилиши жөнүндо ЖОБО.**

Окуучунун сабакка жетишпей жатканынын бир себеби үйго берилген тапшырмалардын көптүгү болуп саналат.Заманбап мектептерде эн көп жүктөмдөр окуучуларга берилет.Көпчүлүк окуучулар үй тапшырмасын өзалдынча кыйынчылык менен аткаруудан чарчап калышат.Айрым учурда маалыматтын көптүгүнөн мугалимдин тапшырмасын четке кагып,аткарбай коюшу мүмкүн,аткарса да толук эмес.Ушунун натыйжасында окуучунун баасы төмөндөп,программадан артта кала берет.

Көпчүлүк окуучулар үй тапшырмасын 1 же 2 саатта аткара алышат.Кээ бир атаэнелер балдарынын тапшырмасын аткарууга жардам берүүдө кыйналып,коп убакытын коротуп коюшат.Натыйжада,мугалим тапшырманы коп жана татаал берип жаткандай ойго келет да,айрым тапшырмаларды аткарбай эле коюшат.Бул бара-бара кайталана берет.

1.Жалпы жобо.

1.1. Гигиеналык талаптарга ылайык 1-класстарды окутууда кошумча талаптарды эске алуу керек.1-класстардын окуучуларына баалоо жок болгондуктан,үй тапшырмасы берилбейт.Кээ бир ата-энелер балдарына көбүрөөк тапшырма берүүсүн суранышат.Мындай учурда мугалим балдардын каалоосуна жараша көнүгүүлөрдү,жаттап келүүгө ырларды берсе болот,бирок талап кылууга болбойт.

1.2.Санитардык эреже,нормативдик талап боюнча үй тапшырмасын (бардык предметтер боюнча)аткарууга сарпталуучу убакыт төмөнкү сааттан ашпоого туура келет.

2-3- класстарга-1,5 саат

4-5-класстарга-2саат

6-8-класстарга-2,5саат

9-11-класстарга-3,5саат.

1.3.Үй тапшырмасын аткаруу балдардын физико-психологиялык өзгөчөлүктөрунөн ,темпинен жана ишмердүүлүгүнөн да көз каранды болот.

1.4.Үй тапшырмасын аткарып жаткан балдардын ден соолугуна,психологиялык абалына да көнүл буруу керек.

2.Окуучулардын каникул жана эс алуу күндөрүндөгү тапшырма.

1.1.Окуучулардын эс алуусу толук кандуу болушу үчүн үй тапшырмасын аткарууга жол берилбейт.

2. 2.Мугалим окуучуга каникул,эс алуу учуруна тапшырма бербейт.

3. Өтүлө элек жаңы теманы үй тапшырмасына берүү.

3.1. Мугалимдин чыгармачылык ишмердүүлүгүнө жараша өтүлгөн теманы кайрадан бекемдеп келүүгө берсе болот.Мындай учурда окуучунун өтүлгөн тема боюнча түшүнүгү бар болгондуктан,үй тапшырмасын кантип,кандай жол менен аткарууга боло турганы белгилүү болгондуктан,тапшырманы аткаруу ага кыйынчылык жаратпайт.

3.2.Айрым учурда окуучуларга өтүлө элек теманы да үй тапшырма катары берүүгө болот.Себеби,мындай учурда окуучу теманын үстүндө изденип,даярданып,өз алдынча иштөөсү калыптанат жана кийинки сабакта талкуулоо ,салыштыруу,талаш менен кызыктуу сабак өтүлөт.